КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

## ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 14- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2025-жылдын 27-ноябры №90

Оргочор айылы

**Кара-Көл жана Кокуй көл участкасындагы насостук станция ордуларын Жети-Өгүз райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө.**

Аң-Өстөн айылынын Кара-Көл участкасынын №88 контурдагы 120 насостук станция орду 0,5 сотых жер тилкеси жана Ак-Дөбө айылынын Кокуй-Көл көлмөсүнүн түштүк жээгиндеги №72-контурунда жайгашкан суу насосунун жана электр трансформаторунун ээлеген орду 0,01га аянтты Жети-Өгүз райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү боюнча Н.Жусуповдун билдирүүсүнүн негизинде Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Көз карандысыз баалоочу Садабаев Баялин Бердигожоевичтин 2025-жылдын 20-ноябрындагы № 01-21/ЗУ Аң-Өстөн айылынын Кара-Көл участкасынын №88 контурдагы жалпы аянты 5500м$^2$ ээлеген 120 насостук станция 649 000 (алты жүз кырк тогуз миң) сом деп бааланганы эске алынсын.

2. Аң-Өстөн айылынын Кара-Көл участкасынын №88 контурдагы 120 насостук станция орду 0,5 сотых жер тилкеси жана Ак-Дөбө айылынын Кокуй-Көл көлмөсүнүн түштүк жээгиндеги №72-контурунда жайгашкан суу насосунун жана электр трансформаторунун ээлеген орду 0,01га аянтты Жети-Өгүз райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

3. Насостук станцияларды Жети-Өгүз райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүүгө документтерди мыйзам чегинде бүтүрүү жагы айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айыл чарба маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Тыныбеков